**Муниципалдык бюджеттик жалпы билим берүү мекеме**

**Тоголок Молдо атындагы жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү № 71-мектеп-интернаты**

| | |
|---|---|
| Педагогикалык кеңештин | БЕКИТЕМ |
| _______2023-ж. | мектеп директору № |
| токтому менен кабыл алынган | Абдыкадыров Э.К. |
| | "_____" _______2023-ж. |

**Педагогикалык кеңеш жөнүндө ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Педагогикалык кеңеш мектептик өз алдынча башкаруу формаларынын туруктуу иштөөчү органдарынын бири болуп, билим берүү жана тарбиялоо процессинин негизги маселелерин кароо үчүн түзүлөт жана уюмдун Уставын жетекчиликке алат жана ушул Жобого ылайык иштейт.

1.2. Педагогикалык кеңешинин курамына төмөнкүлөр кирет: жалпы билим берүүчү мекеменин директору (кеңештин төрагасы), анын орун басарлары, мугалимдер, тарбиячылар, китепканачы, педагог-психолог, социалдык педагог.

1.3. Педагогикалык кеңешинин жыйналыштарында окуучулар менен иштөөдөн бош убактагы мектептин педагогикалык кызматкерлери катышат.

1.4. Чечим Педагогикалык кеңештин чечими педагогикалык жамаат үчүн рекомендация болуп саналат. Билим берүү мекемесинин буйругу менен бекитилген чечим аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2. Педагогикалык кеңешинин негизги милдеттери

Педагогикалык кеңешинин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

2.1. Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу.

2.2. Педагогикалык жамааттын ишин билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга багыттоо.

2.3. Жалпы билим берүү мекемесинин (ЖББМ) өнүктүрүү программасынын темасын, эксперименттик аянтча темалары боюнча, эгерде ушундайлар болсо, иштеп чыгуу.

2.4. Педагогдордун практикалык ишине педагогикалык илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны киргизүү.

2.5. ЖББМнин алган лицензияна ылайык кабыл алуу, которуу жана билим берүүнүн мамлекеттик стандартын өздөштүргөн окуучуларды бүтүрүү жөнүндө маселелерди чечүү.

## 3. Педагогикалык кеңештин функциялары

Педагогикалык кеңеш төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

3.1. ЖББМнин өнүктүрүү программасын иштеп чыгууга катышат.

3.2. ЖББМнин билим берүү программасын иштеп чыгат.

3.3. ЖББМнин окуу жана сабактан тышкаркы ишинин пландарын талкуулайт жана бекитет.

3.4. Педагогикалык кызматкерлердин маалыматтарын жана отчетторун, ЖББМ менен өз ара аракеттенүүчү уюмдардын жана мекемелердин өкүлдөрүнүн билим берүү жана өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо, анын ичинде санитардык-гигиеналык режимин текшерүү жөнүндө, эмгекти жана окуучулардын ден-соолугун коргоо, мекеменин педагогикалык башка маселелери боюнча докладдар жана билдирүүлөрдү угат.

**3.5. Чечим кабыл алат:**

3.5.1. Окуу жылдын жыйынтыгы боюнча орто аралыктык аттестация жүргүзүү жөнүндө

3.5.2. Окуучуларды мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестацияга уруксат берүү жөнүндө

3.5.3. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясын ар түрдүү формаларда (мамлекеттик аккредитация жөнүндөгү күбөлүктүн негизинде) уюштуруу жөнүндө.

3.5.4. Окуучуларды кийинки класска которуу жөнүндө, шарттуу которуу же ошол эле класста аларды кайра окутуу курсуна калтыруу жөнүндө.

3.5.5. Билим жөнүндө тиешелүү документтердин мамлекеттик же эл аралык үлгүсүн берүү жөнүндө.

3.5.6. Ийгиликтерге жетишкен окууучуларды грамоталар, мактоо баракчалар, медалдар менен сыйлоо жөнүндө.

3.5.7. "Билим берүү жөнүндө" КР мыйзамында жана мектептин Уставында белгиленген тартипте качан педагогикалык жана тартиптик башка чаралардын таасири түгөнгөн учурда жалпы билим берүүчү мекемеден окуучуну чыгаруу жөнүндө. Педагогикалык кеңештин чечими ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) жана уюштуруучуга өз убагында (үч күндүк мөөнөттө) жеткирилет.

## 4. Педагогикалык кеңешинин укуктары

Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1. Ар кандай профилдеги адистерди, сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык кеңеште андан ары карап чыгуу үчүн консультанттарды чакыруу менен убактылуу чыгармачыл бирикмени түзүүгө.

4.2. Анын компетенциясына кирген талаш маселелер боюнча акыркы чечим кабыл алууга.

4.3. Компетенциясына ылайык кесиби боюнча бирикмелерге тиешеси бар жобону (локалдык актылар) кабыл алууга, бекитүүгө.

4.4. ЖББМ менен өз ара аракеттенүүчү коомдук уюмдардын, мекемелердин өкүлдөрүн, окуп жаткандардын ата-энесинин, билим берүү процессин уюштуруу, каржылоо ж. б. маселелери боюнча мекемелердин өкүлдөрүнүн педагогикалык кеңешинин жыйындарына катышканга чакырууга. Аларды чакыруу зарылдыгы педагогикалык кеңештин төрагасы тарабынан аныкталат. Педагогикалык кеңешинин жыйынына чакырылган адамдар кеңеш берүүчү добуш укугу менен пайдаланышат.

## 5. Педагогикалык кеңешинин жоопкерчиликтери

Педагогикалык кеңеш жоопкерчилик тартат:

5.1. Жалпы билим берүүчү мекеменин иш пландарын аткарууга.

5.2. Кабыл алынган чечимдердин билим берүү жаатындагы КР мыйзамдарына, балалыкты коргоо укуктарына шайкештигине.

5.3., Эксперттик корутундусу бар билим берүү программаларын, анын ичинде окуучулардын жана алардын ата-энелери тандаган билим берүү программаларын бекитүү.

5.4. Ар бир каралып жаткан маселе боюнча жооптуу адамдарды жана чечимдерин аткаруу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен ачык-айкын чечимдерди кабыл алуу.

## 6. Педагогикалык кеңештин ишин уюштуруу

6.1. Педагогикалык кеңеш өз курамынан кеңештин катчысын тандайт.

6.2. Педагогикалык кеңеш мектепттин жылдык иш планынын курамдык бөлүгү болуп саналган план боюнча иштейт.

6.3. Педагогикалык кеңешинин отуруму иш планына ылайык триместр ичинде бир жолудан кем эмес же педагогикалык кеңештин

компетенциясына кирген маселелерди чечүү үчүн зарылдыгына жараша чакырылат.

6.4. Педагогикалык кеңештин чечими жыйында анын кеминде 2/3 мүчөсү болгондо көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгондо педагогикалык кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

6.5. Педагогикалык кеңешинин чечимдерин аткарууну уюштуруу анын төрагасы жана чечимде көрсөтүлгөн жооптуу адамдар жүзөгө ашырат. Чечимдерининин аткарылышы жөнүндө маалыматтарды педагогикалык кеңешинин катчысы жалпылайт. Ал иштердин жыйынтыгы педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнө анын кийинки жыйналыштарында билдирилет.

6.6. Педагогикалык кеңештин чечими менен төрага макул болбогон учурда ал жөнүндө ЖББМнин уюштуруучуларын кабарлап чечимдерининин аткарылышын токтото турат. Алар үч күндүк мөөнөттө кызыкдар тараптардын катышуусу менен мындай арызды карап чыгууга милдеттүү жана педагогикалык кеңешинин көпчүлүгүнүн жүйөлөштүрүлгөн чечими менен таанышууга, талаш маселе боюнча акыркы чечим чыгарууга.

**7. Педагогикалык кеңешинин документтери**

7.1. Педагогикалык кеңешинин отуруму протокол менен таризделет. Протоколдор китебине педагогикалык кеңешке чыгарылган маселелерди талкуулоонун жүрүшү, педагогикалык кеңеш мүчөлөрүнүн сунуштары жана сын-пикирлери жазылат. Протоколдорго төрага жана педагогикалык кеңештин катчысы кол коет.

7.2. Окуучуларды кийинки класска которуу жана бүтүрүү жөнүндө Протоколдор тизме курамы менен жол-жоболоштурулат. Педагогикалык кеңештин которуу жана бүтүрүү жөнүндө чечими жалпы билим берүү мекеменин буйругу менен бекитилет.

7.3. Педагогикалык кеңешинин протоколдорун номерлөө окуу жылы башталышы менен жүргүзүлөт.

7.4. педагогикалык кеңешинин протоколдорунун китеби иш номенклатурасына кирет, дайыма сакталат жана актысы боюнча өткөрүлүп берилет.

7.5. педагогикалык кеңешинин протоколдорун китебинин ар бир барагы номерленет, боо өткөрүп байланат, жалпы билим берүүчү мекеменин жетекчисинин колу жана мөөрү менен бекемделет.

компетенциясына кирген маселелерди чечүү үчүн зарылдыгына жараша чакырылат.

6.4. Педагогикалык кеңештин чечими жыйында анын кеминде 2/3 мүчөсү болгондо көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгондо педагогикалык кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

6.5. Педагогикалык кеңешинин чечимдерин аткарууну уюштуруу анын төрагасы жана чечимде көрсөтүлгөн жооптуу адамдар жүзөгө ашырат. Чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалыматтарды педагогикалык кеңешинин катчысы жалпылайт. Ал иштердин жыйынтыгы педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнө анын кийинки жыйналыштарында билдирилет.

6.6. Педагогикалык кеңештин чечими менен төрага макул болбогон учурда ал жөнүндө ЖББМнин уюштуруучуларын кабарлап чечимдеринин аткарылышын токтото турат. Алар үч күндүк мөөнөттө кызыкдар тараптардын катышуусу менен мындай арызды карап чыгууга милдеттүү жана педагогикалык кеңешинин көпчүлүгүнүн жүйөлөштүрүлгөн чечими менен таанышууга, талаш маселе боюнча акыркы чечим чыгарууга.

## 7. Педагогикалык кеңешинин документтери

7.1. Педагогикалык кеңешинин отуруму протокол менен таризделет. Протоколдор китебине педагогикалык кеңешке чыгарылган маселелерди талкуулоонун жүрүшү, педагогикалык кеңеш мүчөлөрүнүн сунуштары жана сын-пикирлери жазылат. Протоколдорго төрага жана педагогикалык кеңештин катчысы кол коет.

7.2. Окуучуларды кийинки класска которуу жана бүтүрүү жөнүндө Протоколдор тизме курамы менен жол-жоболоштурулат. Педагогикалык кеңештин которуу жана бүтүрүү жөнүндө чечими жалпы билим берүү мекеменин буйругу менен бекитилет.

7.3. Педагогикалык кеңешинин протоколдорун номерлөө окуу жылы башталышы менен жүргүзүлөт.

7.4. педагогикалык кеңешинин протоколдорунун китеби иш номенклатурасына кирет, дайыма сакталат жана актысы боюнча өткөрүлүп берилет.

7.5. педагогикалык кеңешинин протоколдорун китебинин ар бир барагы номерленет, боо өткөрүп байланат, жалпы билим берүүчү мекеменин жетекчисинин колу жана мөөрү менен бекемделет.